Бишкек шаарынын Биринчи май РИИБнын МЭЖне №02-002-2021-015247 саны менен катталган материалдар боюнча

# МААЛЫМАТ

2021-жылдын 11-июлунда Бишкек шаарынын Биринчи Май РИИБна Кыргыз Республикасынын борбордук шайлоо комиссиясынан №1240 шайлоо участкасында «Эмгек» жана «Ынтымак» саясий партиялары тарабынан үгүттөө иштери жүргүзүлүп жаткандыгы туралуу маалымат келип түшкөн.

Аталган маалымат Бишкек шаарынын Биринчи май РИИБнын маалыматтардын электрондук журналына №02-002-2021-015247 саны менен катталган.

Маалыматты текшерүү ирээтинде Бишкек шаарынын, Ак-Босого ж.к., Профессора Зимы көчөсүнүн, №235 дарегинде жайгашкан «Алтынай» бала-бакчасында орун алган №1240 шайлоо участкасына Биринчи май РИИБнын документтештирүү тобу чыккан.

Бул туралуу аталган шайлоо участкасынын төрайымы Бишкек шаарынын Ак-Босого ж.к., [redacted] көчөсүнүн, [redacted] үйүнүн тургуну [redacted] ж.т. [redacted] өз түшүнүгүндө №1240 шайлоо участкасында 2021-жылдын 11-июль күнү өтүп жаткан Бишкек шаардык кеңешине депутаттарын кайталап шайлоодо эч кандай бир саясий партиялар тарабынан добуш сатуу фактылары катталбагандыгын билдирген.

Андан тышкары бул факты боюнча аталган бала-бакчанын жанында токтоп турган, [redacted] таандык, мамлекеттик номуру [redacted] сандуу болгон, ак түстөгү «Subaru Forester» үлгүсүндөгү автоуанаага кароо жүргүзүлгөн, бирок кароо учурунда эч кандай саясий партияларга тиешеси бар материалдар табылган эмес. Ошондой эле, [redacted]. өзүнүн түшүнүгүндө аталган шайлоо участкасына өзүнүн эжеси [redacted] ж.т. [redacted] жеткирип келгендигин жана аны күтүп тургандыгын билдирген.

Жогорудагылардын негизинде МЭЖ №02-002-2021-015247 саны менен катталган маалыматтын алкагында чогулган материалдарды номеклатурдук ишке жөнөтүлүп, НД-002-2021-005175 саны ыйгарылган.

**Бишкек шаарынын Биринчи май РИИБнын Тергөө кызматы**